**Кыргызстан педагогдор коому тарабынан**
**өткөрүлгөн "Педагогикалык ой ордонун"**
# РЕЗОЛЮЦИЯСЫ

**20-июнь 2018-жыл**
**Ж. Баласагын атындагы Кыргыз**
**улуттук университети**

**Катышуучулар:** КР ЖАКтын төрайымы, профессор Тыналиева Б.К., бөлүм башчы Баястанова Т.И.; диссертациялык кеңештердин төрагалары, орун басарлары, окумуштуу катчылары; жогорку окуу жайлардын педагогика кафедраларынын башчылары; педагогика илимдеринин докторлору, кандидаттары; аспиранттар, докторанттар, изденүүчүлөр, магистранттар. Бардыгы 54 киши.

**Күн тартиби**

1 "Илимий-педагогикалык кадрларды даярдоонун азыркы учурдагы абалы жана өнүктүрүү келечеги" – Тыналиева Б.К. – Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиянын төрайымы, м.и.д., профессор, Баястанова Т.И. – КР ЖАКтын коомдук жана гуманитардык илимдерди аттестациялоо бөлүмүнүн башчысынын милдетин аткаруучу, филология илимдеринин кандадаты, доцент.

2 "Илимий кадрларды даярдоодогу чет элдик тажрыйбалар" Асипова Н.А. – Ж. Баласагын атындагы КУУнун жогорку мектептин педагогикасы кафедрасынын башчысы п.и.д., профессор.

**Талкуулоо үчүн коюлган суроолор**

1 Педагогика багытында аткарылган диссертациялардын илимий-практикалык деңгээли жөнүндө.

2 Кыргыз Республикасында педагогика илимдери боюнча түзүлгөн диссертациялык кеңештердин иштерин өркүндөтүү маселелери.

3 Илимий-педагогикалык изилдөөлөрдүн мектепке чейинки, жалпы орто жана кесиптик билим берүү системасынын талаптарына ылайык келиши.

4 Диссертацияларды экспертизадан өткөрүү маселелери жана аны жакшыртуунун жолдору.

5 Диссертациянын темасын бекитүүчү мекеменин, изилдөөчү менен жетекчинин жоопкерчилиги жөнүндө.

6 Педагогикалык эксперимент өткөрүү, изилдөөнүн жыйынтыктарын жарыялоо, таалим-тарбия процессине киргизүү ж.б.